КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ
ПАНФИЛОВ РАЙОНУ
КАЙЫҢДЫ ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ
ПАНФИЛОВСКИЙ РАЙОН
КАИНДИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ

# ТОКТОМ
# ПОСТАНОВЛЕНИЕ

28.08.2024 ж. № 110/XXXII – 2

## Кайыңды шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик боюнча бөлүмүнүн муниципалдык менчигинде турган жер участокторун аукцион аркылуу сатууга макулдук берүү жөнүндө

Кайыңды шаарынын экономикалык өнүгүүсүн камсыз кылуу максатында «Кайыңды шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик боюнча бөлүмүнүн муниципалдык менчигиндеги жер участокторун аукциондон сатуу жөнүндө» Кайыңды шаарынын мэриясынын катын карап, , ошондой эле инвестицияларды, гранттарды тартуу жана жергиликтүү бюджетти толтуруу максатында, ошондой эле «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесинин 2-пунктуна, 34-беренесинин 2-бөлүгүнүн 5-пунктуна ылайык, “Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 19-беренесинин жана “Муниципалдык менчиктеги жер участокторуна акы төлөнүүчү менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө” Жобонун негизинде, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 517 менен бекитилген Токтомунун негизинде, Кайыңды шаардык кеңешинин депутаттарынын сессиясы токтом кылат:

1.Кайыңды шаарынын мэриясынын муниципалдык менчик боюнча бөлүмүнө караштуу муниципалдык менчиктеги төмөнкү даректерде жайгашкан жер участокторун аукцион аркылуу сатууга макулдук берилсин:
1) 60 кв.м жер тилкеси, дареги: Джуматаева № 24 көчөсү («Надежда» дүкөнү);
2) 500,0 кв.м жер тилкеси, дареги: Джуматаева н/ж көчөсү;
3)10575,0 кв.м жер тилкеси, дареги: Джуматаева н/ж көчөсү;
4) 10575,0 кв.м жер тилкеси, дареги: Джуматаева н/ж көчөсү
5) 1650,0 кв.м. жер тилкеси, дареги: Трудовая н/ж көчөсү
6) 402,6 кв.м. жер тилкеси, дареги: Джуматаева № 1К көчөсү (№ 1 порядкалык номуру);
7) 400,0 кв.м. жер тилкеси, дареги: Трудовая №1К көчөсү (порядкалык номуру №2);

8) 401,7 кв.м. жер тилкеси, дареги: Пионерская №1К көчөсү (порядкалык номуру №3);
9) 466,8 кв.м. жер тилкеси, дареги: Пионерская №2К көчөсү (порядкалык номуру №4);
10) 450,0 кв.м. жер тилкеси, дареги: Трудовая №3К көчөсү (порядкалык номуру №5);
11) 447,3 кв.м. жер тилкеси, дареги: Кабельная №1К көчөсү (порядкалык номуру №6);
12) 443,2 кв.м. жер тилкеси, дареги: Кабельная №2К көчөсү (порядкалык номуру №7);
13) 436,4 кв.м. жер тилкеси , дареги: Трудовая №5К көчөсү (порядкалык номуру №8);
14) 434,3 кв.м. жер тилкеси, дареги: Молодежная №1К көчөсү (порядкалык номуру № 9);

2. Кайынды шаардык мэриясынын жер пайдалануу жана курулуш боюнча комиссиясы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы № 571 токтомунун негизинде «Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна акы төлөнүүчү менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө Жобого» ылайык ачык аукцион өткөрсүн.

3. Кайынды шаарынын мэриясынын финансы-экономика бөлүмүнө жер тилкелерин сатуудан түшкөн каражаттар Кайынды шаарынын мэриясынын топтоо эсебине чегерилсин.

4. Бул токтом каттоодон өткөрүлсүн жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Чүй - Бишкек юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

5.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө милдети Кайынды шаардык кеңешинин агрардык, жер жана турак жай маселелери жана бюджет боюнча туруктуу депутаттык комиссиларына жүктөлсүн.

Төрага Э.Т. Иманкулов